# А. Койгельдиев атындагы Бейшеке ортомектебининсоциалдыкпедагогунун анализ отчету 2021-2022-окуу жылыучун.

**1.**Социалдык педагог(атыжөнү) – ОкеноваМээримЖумгалбековна .
Билими–Жогорку.
Диплому боюнча билими – Математика жана информатика мугалими.
КГПУ И.Арабаеватындагы университет.
Жалпы иш стажы -10
Тармактагы иш стажы – 7жыл
Социалдык педагог стажы – 3жыл.
Социалдык педагог ставкасы – 0.25
Жүктөм - ___8______ сааттык математика (предмет)
Иш убактысы – 8:30- 17:00
Соцпедагогдун кабинети:Тарбияиштерижана соц. педагогтункабинети бар.

**2.**2021-жылдын сентябрь айында окуучулардын социалдык абалы такталып, мектептин социалдык паспорту жазылган, январь айында жаңыртылган. Иш-чаранын максаты окуучулар менен жана алардын ата- эне, жашоо шарты менен терең таанышуу .

Сентябрь айында соцпедагог Окенова Мээрим, мектептин социалдык базасын (жашоо шарттарын) иликтеп , жарым жетим, ички мигрант, сырткы мигранттардын, аз камсыз уй булоолордун, коп балалуу уй булоолордун балдарын аныктап, айыл окмотундогу соц зашитада иштеген кызматкер менен биргелешип , мектептин соц. базасын тузду, социалдык жардамга муктаж окуучулар жөнүндө маалымат топтоду.

Профилактикалык кеңешинин иш планы иштелип чыкты жана бекитилди. Сентябрь айына профилактика кеңешинин положениясы менен таанышуу,иш планын түзүү, класс жетекчилер менен окуучулардын соцпаспорту толтурулду. Бир айдын ичинде окуучулар тууралуу маалымат топтолду, ар бир класстын социалдык паспорту топтолду. Окуучулардын өздүк делолору менен класс жетекчилер таанышты. Жаңы келген окуучулар менен маектешүү болду. Суицид боюнча иш планы түзүлду. Андан тышкары наркомания, чылым чегүү алкоголиизм боюнча иш планы иштелип чыкты. Түзүлгөн план боюнча социалдык сурамжылоонун негизинде, окуучулардын курамын, алардын турмуш шарттарын аныктоо иши жүргүзүлдү.

Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарынын саны 24, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн тизмеси 20, томолой жетимдердин тизмеси жок, жарым жетимдердин тизмеси 4, туулгандыгы тууралу күбөлүгү жок окуучулар тизмеси жок. Мектеп ичинде жана ИДН учетунда турган окуучулар тизмеси жок, майып

окуучулардын тизмеси 1 , Афган согушунун ардагерлеринин балдарынын тизмеси 2, Чернобль окуясынын катышуучуларынын балдарынын тизмеси жок, Апрель революциясынын катышуучуларынын балдарынын тизмеси жок, ата-энеси соттолгон окуучунун саны 1. Миграттардын балдарынын тизмеси жалпы 15, сырткы мигрант 11, ички мигранттардын саны 4.

| № | Окуучунун социалдык тобу | Жыл аягында | | | өсүү , төмөндөө | Себеби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2020 | 2021 | 2022 | | |
| 1 | Мектепокуучуларынын жалпы саны | 177 | 203 | 187 | Осту :28 окуучуга. Томондоду : 2 окуучуга. | Башкамектепкекетип келгендер, кеткендер. |
| 2 | Көп балалуу үй бүлөдөгү окуучулар | 26 | 28 | 24 | Томондоду 4 окуучуга | Маалыматтытактапкоштук. |
| 3 | Аз камсыз үй бүлөдөгү окуучулар | 20 | 20 | 20 | 4 ко осту | Аз камсызболгонуйбулоолордутактапкоштук. |
| 4 | Турмуш шарты оор үй бүлөдөгү окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 5 | Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 6 | Микроучастоктогу, мектепте окууга жараксыз мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 1 | 1 | 1 | | |
| 7 | Үйүндө окуган мүмкүнчүлүгү чектелген окуучу | 1 | 1 | 1 | | |
| 8 | Ата энесинин мүмкүнчүлүгү чектелген окуучу | жок | жок | жок | | |
| 9 | Толук эмес үй бүлөдөгү окуучулар | 12 | 12 | | осту | 1-класска 7-класска келди |
| 10 | Жарым жетим окуучулар | 9 | 10 | 4 | томондоду | Узекеев Н. 11-класс атасыказаболду. |
| 11 | Эмгек мигрант ата энелеринин балдары | 22 | 26 | 15 | томондоду | Келип, кайра кеткендер бар, дагытайэнетаятасына |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | , таэжесинекелгендер бар. |
| 12 | Ишеним кат менен окуган окуучулар | 1 | 1 | | | |
| 13 | Томолой жетим окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 14 | Кароосуз калган окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 15 | Мектеп ичиндеги “группа риск” учетундагы окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 16 | ИДН учетундагы окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 17 | Мыйзам бузган окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 18 | Уй бүлөсүндө оор эмгек кылган окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 19 | Учеттогу тарбиялоого оор окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 20 | Кароосуз калган балдар | жок | жок | жок | | |
| 21 | Багуусуз калган балдар | жок | жок | жок | | |
| 22 | Апрель окуясынын балдары | жок | жок | жок | | |
| 23 | Чернобль апаатынын балдары | жок | жок | жок | | |
| 24 | Афган окуясынын балдары | 1 | 1 | 1 | | |
| 25 | Диний уюмдарда окуган окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 26 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | жок | жок | жок | | |
| 27 | Этникалык кыргыздардын балдары ( Кайрылман статусундагы) | жок | жок | жок | | |
| 28 | Өгөй ата эне менен турган окуучу | 5 | 5 | 4 | Томондоду 1ге | . |

**3.**Мүмкүнчүлүгү чектелген жана турмуш шарты оор окуучулар менен жүргүзгөн иш аракет: Мумкунчулугу чектелген окуучу бул : 4-класста Райымбекова Арзуу уйдон окуйт. Огой энесин бар. Атасы, чон атасы бар. Уйдон окуйт, Турмуш

шарты менен таанышып, чон атасы менен суйлошуп, огой энеси менен сулошуп маалымат алынган. Мектепте сабак берген мугалимдер барган сайын шартын сурап турушат. Класс жетекчиси Сарыкучукова К. ата –энеси менен байланышып турат, кандай жардам керектигин.

**4.**Зордук-зомбулукка каршы жүргүзүлгөн иш аракет( Рекетчилик, үй бүлөлүк зордук-зомбулук):_ Зордук-зомбулукту токтотуу боюнча биргелешип көрүлгөн кечиктирилгис чаралар жөнүндө үй-бүлөлүк байлык, моралдык тарбия берүү жана ата-эненин жоопкерчилиги жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча атайын план иштелип чыкты.

Пландын негизинде “Зордук зомбулуксуз дуйно”, “Зордук зомбулуксуз уй булоо”, “Аялдардын укуктарын коргоо” тууралуу класстык тарбиялык сааттар, класстык ачык сабактар, сурот конкурстары, эн мыкты чыгарылган стенд конкурсу, жана ар бир класска бурчтарды уюштуруулар пландын негизинде аткарылды. Окуучуларга видеороликтер корсотулду жана ИДН менен биргеликте лекция сабактар отулуп жатты.

“Зордук зомбулуксуз дуйно”, “Зордук зомбулуксуз уй булоо”, “Аялдардын укуктарын коргоо” тууралуу класстык тарбиялык сааттар, класстык ачык сабактар отулду жана 1, 2,3,4 класстар сурот тартып келишти, класстер тузушту. 5,6,7,8,9,10,11 класстар стенд чыгарышып мектептин фоэсине илинди . Суротто балдар ар кандай зордук зомбулуктун турлорун жана ага карама -каршы жаркын жашоону, зордук зомбулуксуз уй булоону, зордук зомбулуксуз мектепти чагылдырышкан.

Ар бир класс “Зордук зомбулуксуз дуйно”, “Зордук зомбулуксуз уй булоо”, “Аялдардын укуктарын коргоо” темасында класстарда бурчтарды уюштурушкан.

Балдардын укугу жана ата-энелердин жоопкерчиликтери тууралуу маалымат класс жетекчилер тушундурмо иштерин жургузушту.

Пландын негизинде мектепке ИДН Джумашов К.Р. айыл участковыйы Зайнидинов А. биргеликте 5,6,7,8,9,10,11 класстарга “Зордук зомбулуксуз дуйно”, “Зордук зомбулуксуз уй булоо”, “Аялдардын укуктарын коргоо” темасында лекция тарбиялык сабагы отулду, лекцияда зордук зомбулуктун турлору, анын ксепеттери, окуучулардын мектепте озулорун алып журуу тартиби, кечинде эшике чыкпоо тууралуу тушундурмо иштери жургузулду, ишеним почтасы боюнча маалымат берилди жана зордук зомбулук корсотулгондугу тууралуу маалымдаш керектигинин маанилилугунун

айтышты. Ишеним телефондору боюнча маалымат берилди. Мектеп рэкети жонундо маалымат беришти.

Балдардын укугу жана ата-энелердин жоопкерчиликтери тууралуу маалымат класс жетекчилер тшундурмо иштерин жургузушту.

**5.**Өзүнө өзү кол салууга каршы өтүлгөн иш аракеттер:_Мектеп ичинде жогорку класстарды чогултуп (5,6,7,8,9,10,11) атайын лекция отулду: окуучулардын укугу жана милдеттери боюнча, мектепте озулорунун алып журуусу жана улууларга кандай мамиле жасоо, деген темаларда лекция сабактары отулуп жатты. Суициддик айтуулар 5-6 жаштагы балдарда жана 7-10 жаштагы балдарда кездешет. Суициддик активдуулукко 14-15 жана 16-19 жаштагы оспурум балдарда кабылып калышы мумкун. Мектеп ИДН Джумашов К.Р. жана айыл участковыйы менен биргеликте лекция сабактары, окуучулардын журум турумдары боюнча суйлошуулор болду.

Пландыннегизинде ар бир класс жетекчи, окуучулардан анкета алышты. Жургузулгонанкеталарда, окуучулардынжашоотурмушуна ,мектептурмушуна коз караштары, телефон мененканчалык коп колдоноорлору, мектептерекетбоюнча, канчадостору бар экендигитууралуу, мектептеокуганжагабы, сенинжашоодогукойгонмаксатынкайсыдегенсуроолорберилген.

Мугалимдердинмилдетиокуучуларынынжашоотурмушундагышарттарынаныкта пбилуу, окучу мененжекечеишалыпбаруу, алардынболгонпроблемаларынакийлигишуусужанабайкоосуболупсаналат.

Андыктан ар бир класс жетекчиокуучуларытууралуумаалыматалыптурушат. Сабактыканчажолукалтыргандыгытуураалуу, эмнесебептенкалтыргандыгынаныктаптурушатжыличинде.

**6.**Өз билимин өркүндөтүү (катышкан семинарлар, мастер- класстар, тренингдер, курстар).

| № | Өтүлгөн мөөнөтү | Тема | Иш чаранын тиби (семинарлар, мастер-класстар, тренингдер, курстар) | Катышуу (доклад даярдоо, докладдын темасы же угуучу) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2017 9февраль | Ооркырдаалга туш болгонбалдар | Семинар ОСШ №2 | |
| 2 | 2016-2017 окууч жылы. Апрель | Метепте туш болгон зордук зомбулук. | Семинар КСШ №3 | |
| 3 | 2016-2017 окууч жылы. Май. | Суицид | Семинар Карал добо мектеби | |
| 4 | 2020-2021 окуу жылы. | Зордук зомбулуксуз дуйно. | Атайын отулгон иш чара. Кичи кемин мектеби | |
| 5 | 2021-2022 | Зордук зомбулуксуз дуйно. | Атайын отулгон иш чара. Ак Бекет орто мектеби | |

7.2021-2022-окуу жылына аткрылбай калган пландарды аткаруужана себеби: Отулгон жылга салыштырып, анализдеп, кыздар жана балдар уюму менен отуло турган иштерди кучотуу . Соц базаны дагыда тактап чыгуу. Уй шарттары менен таанышуу.


**Соцпедагог : Окенова Мээрим .**

## 2021-2022-окуу жылында Алымкул Койгелдиев атындагы Бейшеке жалпы билим берүү орто мектебинин окуу тарбия иштери боюнча отчету.

Мектеп жалпы мугалимдер жамааты менен бирдикте 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык пландын негизинде иш жургузулдү.

2021-2022-окуу жылында 187 окуучу мектеп босогосун аттаган . Окуу жылдын аягында 187 окуучу аяктады.

| класс | класс - комплект | 2020-2021-окуу жылындгы окуучулардын саны | 2021-2022-окуу жылындгы окуучулардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 27 | 19 |
| 2 | 1 | 20 | 24 |
| 3 | 1 | 19 | 20 |
| 4 | 1 | 17 | 19 |
| бардыгы:1-4 | 4 | 83 | 82 |
| 5 | 1 | 14 | 18 |
| 6 | 1 | 20 | 14 |
| 7 | 1 | 16 | 18 |
| 8 | 1 | 11 | 16 |
| 9 | 1 | 30 | 11 |
| бардыгы:5-9 | 5 | 91 | 77 |
| 10 | 1 | 12 | 17 |
| 11 | 1 | 17 | 11 |
| бардыгы:10-11 | 2 | 29 | 28 |
| | 11 | 203 | 187 |





2020-2021—окуу жылында мектеп окуучулары нын саны 203, болуп көбөйсө, 2021-2022-окуу жылында мектеп окуучулары саны 187 болуп азайды.

А.Койгелдиев атындагы Бейшеке жалпы билим берүү орто мектебинин акыркы жылдагы башталгыч, ортонку жана жогорку звенолор боюнча билим сапатынын корсоткучу.


| 2020-2021- о.ж | 2021-2022-о.ж. |
|---|---|
| 1-4кл<br>башталгыч звено<br>45% | 1-4-кл<br>башталгыч звено<br>49% |
| 5-9-кл<br>ортонку звено<br>28% | 5-9кл<br>ортонку звено<br>27% |
| 10-11-кл<br>жогорку звено<br>38№ | 10-11кл<br>жогорку звено<br>44% |

| | |
|---|---|
| 20 отличник<br>43 ударник<br>билим сапаты 36% | 23отличник<br>43ударник<br>билим сапаты 39 % |

2 жылдагы башталгыч, ортонку жана жогорку звенолордун билим сапатынын мониторинги



Акыркы 2 жылдагы окуу жылындагы отличник жана ударниктердин салыштыруу мониторинги




Мектепте 11 класс комплект бар. 19 мугалим эмгектенет, алардын ичинен 2 мугалим "Билим берүүнүн мыктысы", бардык мугалимдер жогорку билимдүү.

Окуу жылы 1-11-класстар арасында Билим күнүнө карата башталгыч звено "Ата мененим - асыл чырагым ", ортонку звено"Түбөлүккө желбирей бер эгемендуулук желеги " жана жогорку звено "Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда" деген темасында ар бир класс класстык сааттардын өтүлүшү менен башталды. Ошондой эле предметтик мугалимдер окуу программаларга ылайык метод бирикмелердин ичинде календарлык тематикалык пландарын түзүшүп, сентябрь айында календарлык-тематикалык пландарын бекиттиришти.

23-сентябрь Кыргыз мамлекеттик эне тил кунун кыргыз эли майрамдап белгилейт.Кыргыз тили кунун белгилоо боюнча биздин мектеп да четте калган жок. Кыргыз тилин сабагынан берген мугалим Медербекова Н

жана Мураталы кызы Аида   Райондон келген буйруктун негизинде кыргыз мамлекеттик тил кунуно карата " Кыргыз тили сабагынын декадасын " өткөрүшту .


Октябрь айында Кемин райондук билим берүү бөлүмүнун буйругунун негизинде кыргыз тили сабагы боюнча " Тил мамлекеттин тиреги " аттуу көркөм окуу боюнча Кемин № 2 орто мектебинде өткөрүлгөн сынакта 11-класстын окуучусу Зарылбекова Айсулуу Эсенгул Ибраевдин " Улут болсом тил менен улутмун" деген темада көркөм ыр айтып берип , 1-орунга ээ болду.

Ноябрь айында мектеп ичинде бардык предметтер боюнча 5-11-класстар арасында олимпиада өткөрүлдү. Мектеп ичиндеги 33 окуучу өз ыктыярлары менен катышып , төмөнкү предметтерди тандашкан алар кыргыз тили, математика, орус тили, англис тили, география, биология, химия, тарых . Мектеп ичиндеги олимпиададан байгелүү орундарга ээ болгон 10-11-класстын 11 окуучулары райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышкан. . Райондук олимпиадага катышып , 5 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.

| **2020-2021- окуу жылы** | | | | **2021-2022-окуу жылы** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| кл | **Аты жөнү** | **Предмет** | **орун** | **кл** | **Аты жөнү** | **предмет** | **орун** |
| 11 | Дуйшөбаев А | тарых | 1 | 11 | Ысагалиева К | химия | 1 |
| 11 | Мамытбекова Б | ангис тили | 2 | 10 | Рахманова М | Кыргыз тили | 1 |
| 10 | Ильичбекова А | тарых | 1 | 11 | ИльичбековаА | тарых | 1 |
| 10 | Зарылбекова А | кыргыз тили | 1 | 11 | Зарылбекова А | кыргыз тили | 2 |
| 10 | Ысагалиева К | химия | 1 | 11 | Жумагулова Б | география | 2 |
| 10 | Сатыбалдиева А | биология | 3 | | | | |
| 10 | Жумагулова Б | география | 1 | | | | |

Райондук деңгээлдеги олимпиададан 1- орундарды алган 11-класстын окуучулары Ысагалиева К, Иличбекова А, Зарылбекова А. областтык деңгээлдеги олимпиадага катышып, жыйынтыгында 11-класстын окуучусу Зарылбекова Айсулуу кыргыз тили сабагынан областтык деңгээлдеги олимпиадад катышууга жолдомо алды.

Райондук олимпиаданын акыркы 2 жылдагы жыйынтыгынын салыштыруу мониторинги.




2020-2021-окуу жылында 12 окуучулар райондук деңгээлдеги олимпиадага катышып , алардын ичинен 7 окуучу байгелуу орундарга ээ болушту. 2021-2022-окуу жылында райондук денгээлдеги олимпиадага 10 окуучу катышып , 5 окуучу байгелуу орундарга ээ болушту. Райондук деңгээлдеги олимпиададан алган орундарды салыштырсак , быйылкы окуу жылда 2 орунга азайды. Демек , предметтик мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдоону күчөтүү керек.

Ошондой эле 9-11- класстын окуучулары улуттук тест борбору жургузгон тестирлөөгө катышып турушкан. 9-11-класстын окуучулары томонку предметтерди тандашкан : кыргыз тили,орус тили, тарых,география, химия, биология.Төмөнкү мониторингде көрүнүп тургандай 2020-2021-окуу жылына салыштырмалуу жана 2021-2022- окуу жылында окуучулардын тестке катышуусу жана алган баалары жогорулады.

Улуттук тестирлөөнун жыйынтыгы 2020-2021-окуу жылы


| 9-класс | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|
| Орус тил “5”-2<br>Орус тил “4”-1<br>к.тил “4”-1<br>география “4”-3<br>матем “5” -2 | к.тил “4” -1<br>орус тил “4” – 2<br>тарых “4”-1 | к.тил “4” -3 |

Улуттук тестирлөөнүн жыйынтыгы 2021-2022-окуу жылы

| 9-класс | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|
| к.тил,<br>тарых,<br>география<br>орус тил “5”-2 | кырг.тил “ 5” -2<br>орус тил “5” -3<br>кырг.тил “4”-2<br>география “4”-1 | кырг.тил “5 “-5<br>тарых “5”-2<br>география “5”-1 |

2020-2021-окуу жылында ЖРТ ке 10 окуучу катышса, 2021-2022-окуу жылында 8 окуучу катышып, жогорку окуу жайларга өтүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

Жалпы Республикалык тест боюнча акыркы 2 жылдын жыйынтыгынын мониторинги





2020-2021- окуу жылында жогорку балл 211 болду, төмөнкү балл 80 болсо, ал эми 2021-2022- окуу жылында жалпы тестирлөөнүн баллдары төмөндөдү, жогорку балл 167, төмөнку балл 91 болду.

Июнь айында 9-11-класстарга жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүп жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.


| Предметтер | 9-класс<br>Билим сапаты % | 11-класс<br>Билим сапаты % |
|---|---|---|
| Кыргыз тили | 90% | 63% |
| Кыргыз адабият | 63% | 63% |
| Орус тили | 72% | 72% |
| тарых | 63% | 90% |
| математика | 45% | 63% |
| География | 66% | 83% |

| | | |
|---|---|---|
| биология | 100% | 100% |
| химия | | 100% |

Акыркы 2 жылдагы 9-класстын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгынын салыштыруу мониторинги




Акыркы 2 жылдагы 11-класстын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгынын салыштыруу мониторинги



Окуу жылдын аягында эң жакшы жетишкендиктери жана үлгүлүү жүрүш-турушу үчүн 23 окуучу Мактоо баракчалары менен сыйланышты. Райондук олимпиадада байгелүү орундарга ээ болгон окуучулар Кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн мактоо баракчалар менен сыйланышты. Ал эми 11-класстын окуучусу Зарылбекова Айсулуу кыргыз тили сабагы боюнча Республикалык олимпиадага катышкандыгы учун диплом менен сыйланды.

## Мектептин ички көзөмөлү.

Сентябрь айында мектептин ички көзөмөлү- мектептин окуу тарбия иштерин өркүндөтүү , мектептеги окуучулардын билим сапатын көтөрүү, мугалимдердин сабак өтүү методикасын жогорулатуу максатынын негизинде түзүлдү.

Мектептин ички көзөмөлү текшерүүнүн 5 түрүн камтыды.

2021-2022-окуу жылы 5,6,7,8,9,10,11- класстарда старттык текшерүү иштерин алуу менен башталды. Старттык иштер негизги бардык сабактардан: химия,физика, математика, география, тарых, орус тили, кыргыз тили, биология, чет тилинен алынды. Сентябрь айында предметтик мугалимдер календарлык тематикалык пландарын программага ылайык тузушуп, бекиттиришти. Мектептин документациясы боюнча алфавиттик китепчеге жаны окуу жылында кирген 1-класстын окуучуларынын тизмеси катталды. Бардык мектеп окуучуларынын оздук делолору бар жана алфавиттик китепчеде катталган.Класс жетекчилер тарбия журналдарына жарым жылдык планды тузушуп, өз убагында бекиттиришти. Октябрь айында класстык жалпылоочу көзөмөлгө 5-класстын окуучулары коюлду. Себеби 5-класс жаны чөйрөгө өтуп жатканына байланыштуу, ар түрдүү предметтик мугалимдердин сабак беруу методикасына көнүшүн көзөмөлгө алуу болду. Бардык текшерүүлөр өз убагында алынып ДАК та каралып, талкууланып жатты.

Ноябрь айында 1-класс класстык жалпылоочу көзөмөлгө коюлган.1-классты көзөзөмөлгө коюнун максаты окуучулардын мектеп жашоосуна көнүшүн, адат алуусун байкоо жургузуу болду. Ноябрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Олимпиадага 5-11-класстын окуучулары катышты.Окуучулар төмөнкү предметтерди

тандашкан: кыргыз тили, математика, орус адабият, тарых,география,химия, биология. Мектеп ичиндеги олимпиадалык тапшырмалар Кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн даярдалып жиберилген. Мектеп ичиндеги олимпиададан 1 жана 2- орунду алган окуучулар райондук денгээлдеги олимпиадага катышып, 5 байгелүү орундарга ээ болушту. Декабрь айында 8- класс класстык жалпылоочу көзөмөлгө коюлган, максаты окуучулардын билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо керек эле. Февраль айында 9- класс класстык жалпылоочу көзөмөлгө коюлган. Башталгыч класстарда математика,кыргыз тили жана орус тил сабактарынын берилиши жана билим сапаты текшерилди. Март айында класстык жалпылоочу козомолго 4-класс коюлган.

Көзөмөл төмөнкү максат боюнча өтүп жатты:

-окуучулардын билим сапатын аныктоо,

-жогорку класстардагы бардык предметтер боюнча мугалимдердин окуу тарбия иштерин жүргүзүүдөгү аркеттерин аныктоо,

-класстагы окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу жана окуу куралдарынын абалын аныктоо,

-класс жетекчилернин, соц. педагогдун класстагы окуучулардын өзгөчөлүктөрүн изилдөөсү, оз арамамилелерин , окуучулардын тартибине, жүрүш-турушуна көзөмөл жүргүзүү болду. Текшерүүлөр ДАК та каралып, талкууланып, маалымдамалар жазылды. Текшерүүнүн жыйынтыгында козомолго коюлган класстардагы окуучулардын тарптиптери,билим сапаты аныкталды,окуу куралдары алып журуусун корсотулду.

Мектептин ички козомолунон откон 8-9-- класстар канаатандырарлык, 5-класс жана 4- класс жакшы денгээлде козомолдон отушту.

Ошондой эле педагогикалык жамааттагы окуу тарбия иштерин жүргүзүүдөгү айрым көйгөйлөрдү чечүү үчүн, тематикалык көзөмөл жургузулду.

- Зээндүү окуучулар менен иштөө жана олимпиадага даярдоо.

- Зээндүү окуучулар менен иштөөгө ар бир предметтик мугалим жеке папка , жана иш план түзгон. Ал пландын негизинде зээндүү окуучуларга мугалимдер сабактан тышкаркы индивидуалдуу тапшырмаларды берип, иш алып барышкан.

Ошондой эле окуучулардын предметтик дептерлери, окуучулардын күндөлүктөрү өз убагы менен текшерилип, кетирген кемчиликтер айтылып, тез арада жоюлуп жатты. Предметтик дептерлерди текшерүүдө дептерлердин сырткы көрүнүшү, тазалыгы, үй тапшырмалардын, класстык иштердин көлөмү, тапшырмалардын ар түрдүүлүгү текшерилип жатты.

Кээ бир предметтерден окуучулардын билим сапатын аныктоого административдик иштер алынып, диагностика жүргүзүлүп жатты.

Башталгыч класстын окуу темпи текшерилди. Окуу темпин текшерүүдө 2 жана4 –класстар жакшы жетишкендиктерди көрсөткөн.

Жогорудагы иш-чаралар өз мөөнөтүндө аткарылып, ДАКта талкууланып , мугалимдердин жетишкендиктери белгиленип, же ар түрдүү сунуштар айтылып жатты.

Апрель айында 9,11-класстардын окуучуларын мамлекеттик сынакка көнүктүрүү максатында репетициялык экзамен өттү.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кемин райондук билим берүү бөлүмүндө бекитилген графикке ылайык өз мөөнөтүндө өттү, келбей калган , тартип бузган, кечиккен окуучулар болгон жок.

## Усулдук бирикме.

2021-2022-окуу жылында мектеп ичинде төмөнкү секциялар түзүлүп жана метод жетекчилер шайланды

-филология секциясы-жетекчиси- Керимахунова К,

-башталгыч класстар секциясы-жетекчиси-Акунова К

- так илимдер секциясы-жетекчиси- Султанбаева А

Метод жетекчилери жана мүчөлөрү менен бирдикте жылдык отурумдардын иш пландарын иштеп чыгышты. Ар бир метод секция иш планын иштеп чыгышты жана бул пландын негизинде пландалган иш аракеттердин баары өз убагында аткарылып, метод кенештин отурумунда каралып жатты.

Сентябрь

Усулдук бирикменин мучөлөрү календарлык- тематикалык пландарын программага ылайык тузушуп, текшертишип жана мектептин директоруна бекиттиришти. Негизги предметтерден старттык текшеруу иштерин алышты.Старттык текшеруу иштердин жыйынтыктары усулдук кенештин отурумунда каралды.23- сентябрь Мамлекеттик тил кунунө карата кыргыз тилчи мугалимдер Медербекова Наргиза жана Мураталы к Аида Кемин райондук билим беруу бөлумунун буйругунун негизинде кыргыз тили сабагы боюнча декада өткөрүштү . Бул айда зээндуу жана начар окуган окуучулардын тизмесин аныктап , иш алып баруу үчүн пландар тузулду.